## Кредиттик ресурстардын банктар аралык рыногу

*(2012-жылдын ноябрь айы)*

**1-график. Ички банктар аралык кредит рыногундагы бүтүмдөрдүн көлөмдөрүнүн жана пайыздык чендердин динамикасы**




Ноябрь айында банк тутумунун үстөк камдарынын орточо күндүк көлөмү өткөн айдагы 2,7 млрд. сомго карама каршы 3,0 млрд. сомго чейин жеткен, бул негизинен үч ири коммерциялык банктарда ликвиддүүлүк динамикасынын туруктуулугун колдоого алуунун эсебинен жетишилген. Ошону менен бирге эле, кредиттик ресурстардын банктар аралык рыногунун сакталып турган жигердүүлүгү калган көпчүлүк банктарда үстөк камдардын мурдагыдай эле анчалык жогору эмес көрсөткүчү менен шартталган. Мындан тышкары кароого алынган мезгил ичинде, банк тутумунда аккумулирленген үстөк камдардын жалпы көлөмүн түзүүгө да таасирин тийгизген ири финансы-кредиттик мекемелердин биринде ликвиддүүлүктүн жетишсиздиги байкалган. Жыйынтыгында, «овернайт» кредиттерине да суроо-талап өскөн, алардын көлөмү октябрь айындагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 24,0 пайызга көбөйгөн. Мында, Улуттук банктын эсептик ченинин базасында эсептелинген «овернайт» кредиттери боюнча чен 4,0 пайызды түзгөн (-0,7 пайыздык пункт).

**2-график. Ички банктар аралык кредит рыногундагы күндөлүк жүгүртүүлөрдүн көлөмдөрүнүн жана пайыздык чендердин динамикасы**




Бүтүндөй алганда, карыз алышуулардын ички банктар аралык рыногунда операциялардын чогуу алгандагы көлөмү, октябрь айындагы көрсөткүчө салыштырганда 2,2 эсеге көбөйүү менен 859,9 млн. сом чегинде катталган. Көбүнчө, репо шарттарында келишилген бүтүмдөрдүн саны да 2,2 эсеге көбөйүү менен 841,7 млн. сомду түзгөн, ал эми банк-резиденттер ортосунда чет өлкө валютасындагы операциялар көлөмү 2,4 эсеге, 18,2

млн. сомго чейин өскөн. Кароого алынган мезгил аралыгында коммерциялык банктар ортосунда улуттук валютада карыз алышуулары өткөн эки айдагыдай эле жүргөн эмес.

Репо шарттарында банктар аралык карыз алышуулардын көлөмүн жана санын көбөйтүү мындай операциялар боюнча чендердин төмөндөшүнө алып келип, ал ноябрь айынын жыйынтыгы боюнча 4,5 пайызды (-2,1 пайыздык пунктту) түзгөн, ошол эле учурда банк-резиденттер ортосунда чет өлкө валютасындагы кредиттер боюнча чен үчүнчү ай катары менен 3,0 пайыз деңгээлинде сакталып турган. Кароого алынган мезгилде банктар аралык кредит рыногунда карыздык каражаттарды сунуштоонун максималдуу мөөнөтү 7 күндөн ашкан эмес, мында репо операциялары боюнча орточо алынган мөөнөт 4 күндү, ал эми чет өлкө валютасындагы кредиттик операциялар боюнча – 2 күндү түзгөн.

Ноябрь айында кредиторлордун концентрациялануу индекси 0,47ден 0,30га чейин төмөндөшү жүргөн, ошол эле учурда дебиторлордун концентрациялануу индекси тескерисинче 0,37ден 0,51ге чейин жогорулаган. Бул индекстердин маанилери рыноктун жогорку деңгээлдеги концентрациялануусун сактап тургандыгын көрсөтүү менен анда бирдей үлүшкө ээ үч кредиторлордун жана эки карыз алуучунун катышуусун тастыктап турат.

**3-график. Банктар аралык кредит рыногунда резидент эмес банктар менен чет өлкө валютасындагы бүтүмдөрдүн көлөмүнүн жана пайыздык чендеринин динамикасы**




Кароого алынган мезгил ичинде банк-резидент эместер менен четөлкө валюта түрүндө бүтүмдөр ишке ашырылган эмес.

**1-таблица. Улуттук валютадагы банктар аралык кредиттердин динамикасы (мөөнөттүүлүк боюнча)**

| Мезгил аралыгы | Жалпы | | | Анын ичинде бүтүмдөр боюнча | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | 1 күнгө ч-н | | 2-7 күн | | 8-14 күн | | 15-30 күн | | 31-60 күн | | 61-90 күн | | 91-180 күн | | 181-360 күн | |
| | Көлөмү(млн. сом.) | Бүтүм саны | Чен (%) | Көлөмү(млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү(млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү(млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү(млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү(млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү(млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү(млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү(млн. сом.) | Чен (%) |
| Ноябрь'2011 | 40,0 | 1 | 10,0 | - | - | 40,0 | 10,0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Декабрь | 61,0 | 2 | 11,3 | - | - | 40,0 | 12,0 | 21,0 | 10,0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Январь'2012 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Февраль | 40,0 | 1 | 10,0 | - | - | 40,0 | 10,0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Март | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Апрель | 250,0 | 2 | 6,0 | 150,0 | 8,0 | 100,0 | 3,0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Май | 177,0 | 4 | 6,6 | 25,0 | 3,0 | 152,0 | 7,2 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Июнь | 160,0 | 3 | 8,0 | - | - | 160,0 | 8,0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Июль | 150,0 | 3 | 7,8 | - | - | 100,0 | 7,8 | 50,0 | 8,0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Август | 100,0 | 2 | 8,0 | - | - | 50,0 | 8,0 | 50,0 | 8,0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Сентябрь | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Октябрь | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Ноябрь | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |

**2-таблица. Коммерциялык банктардын репо операциялары (мөөнөттүүлүк боюнча)**

| Мезгил аралыгы | Жалпы | | | Анын ичинде бүтүмдөр боюнча | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | 1 күнгө ч-н | | 2-7 күн | | 8-14 күн | | 15-30 күн | | 31-60 күн | | 61-90 күн | | 91-180 күн | | 181-360 күн | |
| | Көлөмү( млн. сом.) | Бүтүм саны | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) |
| Ноябрь'2011 | 563,1 | 14 | 10,2 | 170,4 | 10,2 | 392,7 | 10,2 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Декабрь | 460,4 | 15 | 11,8 | - | - | 408,0 | 11,9 | 52,4 | 10,3 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Январь'2012 | 225,7 | 6 | 11,3 | 72,7 | 12,0 | 128,0 | 11,0 | 25,0 | 11,0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Февраль | 522,5 | 15 | 10,4 | 173,7 | 10,4 | 348,8 | 10,4 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Март | 525,9 | 19 | 9,3 | 95,2 | 9,0 | 430,7 | 9,3 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Апрель | 242,8 | 7 | 7,1 | 104,7 | 7,0 | 138,0 | 7,3 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Май | 792,7 | 15 | 7,7 | 190,1 | 7,5 | 602,5 | 7,8 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Июнь | 820,6 | 19 | 8,2 | 231,5 | 8,2 | 534,6 | 8,2 | 54,4 | 8,0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Июль | 261,4 | 4 | 7,8 | - | - | 261,4 | 7,8 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Август | 578,4 | 10 | 8,0 | 13,2 | 8,0 | 565,2 | 8,0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Сентябрь | 620,7 | 11 | 8,0 | 98,1 | 8,0 | 522,6 | 8,0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Октябрь | 389,2 | 5 | 6,6 | 100,1 | 7,5 | 289,1 | 6,3 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Ноябрь | 841,7 | 12 | 4,5 | 41,6 | 4,0 | 800,1 | 4,5 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |

**3-таблица. Резидент банктардын ортосунда четөлкө валютасындагы банктар аралык кредиттердин динамикасы (мөөнөттүүлүк боюнча)**

| Мезгил аралыгы | Жалпы | | | Анын ичинде бүтүмдөр боюнча | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | 1 күнгө ч-н | | 2-7 күн | | 8-14 күн | | 15-30 күн | | 31-60 күн | | 61-90 күн | | 91-180 күн | | 181-360 күн | |
| | Көлөмү( млн. сом.) | Бүтүм саны | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) |
| Ноябрь'2011 | 18,6 | 1 | 5,0 | - | - | - | - | - | - | - | - | 18,6 | 5,0 | - | - | - | - | - | - |
| Декабрь | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Январь'2012 | 9,5 | 3 | 3,0 | 9,5 | 3,0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Февраль | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Март | 70,1 | 4 | 0,0 | - | - | 23,4 | 0,0 | 23,4 | 0,0 | 23,4 | 0,0 | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Апрель | 112,4 | 6 | 0,0 | - | - | 89,0 | 0,0 | 23,5 | 0,0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Май | 38,4 | 4 | 0,2 | 3,2 | 3,0 | 35,3 | 0,0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Июнь | 56,0 | 4 | 0,5 | 2,9 | 3,0 | 53,1 | 0,3 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Июль | 33,0 | 1 | 0,0 | - | - | 33,0 | 0,0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Август | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Сентябрь | 33,1 | 6 | 3,0 | 24,1 | 3,0 | 9,0 | 3,0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Октябрь | 7,6 | 1 | 3,0 | - | - | 7,6 | 3,0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |
| Ноябрь | 18,2 | 3 | 3,0 | 12,2 | 3,0 | 6,0 | 3,0 | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - | - |